Анапияева А.
К. Тыныстанов ат. ЫМУ

НЕОЛОГИЗМДЕРДИН ИЧКИ БУЛАКТЫН ЭСЕБИНЕН ПАЙДА БОЛУШУ (А) ЖАЛПЫ ТИЛДИК БУЛАКТЫН НЕГИЗИНДЕ)

Кыргыз тилиндеги неологизм-дердин пайда болуу булактары жөнүндө сөз кыла турган болсок, Кыргыз Республикасынын эгемен-дүүлүккө ээ болушу, комунисттик идеологиядан, социалисттик чарба жүргүзүүдөн баш тартышы, жаңы коомдук-экономикалык түзүлүшкө багыт алышы менен бирге, жаңы пайда болгон түшүнүктөрдү туюн-тууда биринчи кезекте эне тилибиз-дин ички байлыгы кеңири пайдала-нылгандыгын сөз кылбай кетсек болбос.

Ички булактын эсебинен, башкача айтканда, кыргыз тилинин мурдатан колдонулуп келе жаткан тилдик каражаттарын пайдалануу менен жасалууда. Ички булактын эсеби-нен пайда болгон неологизмдерди өз кезегинде дагы экиге бөлүп көрсөтүүгө болот.

а) Жалпы тилдик булактын неги-зинде пайда болгон неологизмдер: айыл өкмөтү, аким (администратор), ажо, демөөр, демөөрчү (спонсор), дыйкан чарба, дүр-дүйнө (универ-маг), дарыгер (врач), дарыкана (аптека), бажы, бажыкана (тамож-ня), берене (статья), ишкер (пред-приниматель), ишкерлик (предпри-нимательство), менчиктештирүү (приватизация), мэр, мыйзам (закон), машыктыргыч (тренер), мунапыс (амнистия), заманбап, (современный) сапар (визит), сом, жарнама (реклама), жарлык (указ), жаран (атуул, гражданин), майып (инвалид), жансакчы (телохранитель), эмкана (по-ликлиника) ж.б.

Айыл өкмөтү.

М: **Айыл өкмөт** башчылары жумурияттын «Билим берүү жөнүн-дөгү» мыйзамына ылайык жетек-тенишине эч ким каршы эмес («Кут билим», 1999, №4, 4-б.); Региондогу **айыл өкмөттөрү** түшүмдү тезирээк жыйнап алып... («Ысык-көл кабар-лары», 1999.8.10, №75, 2-б.); Ак-Чий **айыл өкмөтү** боюнча 4534 гектар айдоо аянтынын 4048 гектары айдалды («Ысыккөл кабарлары», 1.12.2000, №83, 2-б.); Сынташ **айыл өкмөтүнүн** аймагындагы айылдарда Какин Ташбаевден билим алгандар көп («КБ», 30.09.2005).

Аким (администратор). Кан-дайдыр бир ишти (көбүнчө, дубанды, шаарды, районду) башка-руучу кызмат адамы.

М: Ар намыстуу Эл эң биринчи өзүнө ишениш керек, андан соң **акимдерге** («А», 1992, 12.11); ... азыр милициянын полковниги Төлөгөнов Полот Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн **акими** («ОЖ», 1994.17.05 - Мен **аким** болуп иштеп жүргөндө эле аткаруу бийлигинин бир структурасынын кереги жок деп айткам («Кыргыз Туусу», 18.11.2005); Эми **акимдер**, губер-наторлор, алардан кийинки атка минерлер чөнтөк толтуруу менен алек болушат («Кыргыз Туусу», 17.05.2005, №79); Райондук **Аким-дердин** мындай байоочулук позици-ясы кайдыгерликтен башка эч нерсени түшүндүрбөйт («Эркинтоо», 21.20.2005, №85).

Ажо. Президент, мамлекет башчысы.

М: **Ажо** менен аңгеме-дүкөн («А», 1995, №48);... **ажого** «курама ко-манда» болгон Сааданбеков, Рустам-беков, Тагаев, Нанаев түзгөн ядро... бийликте кантип болбосун карма-лып, бекемделип алуунун араке-тинде («КР», 1996, №5); Азыркысы болсо **ажо** түшпөс Ханга айланмай болду, жаңы конституция менен кайра шайлоого барганы жатышат («Эркинтоо», 14.02.2003).

Демөөр – сүрөөн (спонсор). Кандайдыр бир иш аракетти акча каражат жактан каржылап, колдоо көрсөткөндүк.

М: Ошону менен бирге **демөөр-лөрдү (спонсорлорду)** табуу, алар менен тыгыз байланыштарды түзүү керек, - деди ал («МГ», 1992.28.02); Мындай өз учурунда колдоо коллек-тивге **дөмөөр** болду («Эркинтоо», 13.01.1999, №2, 5-б.); Буларды лагерге жеткирип коюп кайрадан **спонсор** издейм («Ысыккөл кабар-лары», 29.08.2004).

Демөөрчү-сүрөөнчү (спонсор). Демөөр болуучу ишкана. Уюм, чарба, жеке адам.

М: Зыяны жок таланттар, жаңы авторлор үчүн кырдаал кыйындады. **Сүрөөнчүсү** барларга жол ачылды («ZK», 1995, №45); Аземде башка **демөөрчүлөрдөй** эле Республиканын Жогорку Кеңешинин депутаты Бөрүбай Жураев убада эткен өзүнүн эки стипендиясын отличниктерге тапшырды («ZK», 1992, №45); Бул үчүн **демөөрчүлөрдү** кеңири тартуу менен элдик ашарга чакырабыз («ZK», 29.01.1999, №45); Каражат тартыштыгынан ар бир режиссер өздөрүнчө **демөөрчү** издеп тартууга туура келген («ZK», 18.08.2004, №24).

Дыйкан чарба. Экономика. Айрым жаран, үйбүлө, жаран-дардын тобу болуп, менчикке же арендага алынган жерди иштетүүчү, айыл чарба продукцияларын өндү-рүүчү жана сатуучу өз алдынча чарба.

М: Тоң районундагы мал чарба эмгегин уюштурууда майда фермердик чарбалардан тартып ирилештирилген **дыйкан чарбасына** чейинки жаңы формалар активдүү киргизилип жатат («Кыргыз Туусу», 1992.18.04); Менин **дыйкан чарбадагы** ролум мына ушунда («Эркин-тоо», 26.02.1999, №15, 27-б.).

Дарыкана (аптека). **Медицина.** Дары-дармек даярдалган, сатылган мекеме.

М: Буюрса, жакын арада ашканалар менен **дарыканаларда** дагы бир дарылык суу пайда болот ((«ZK», 1995, №43).

Дарыгер (врач).

М: Дарыгерлердин орточо мая-насы 450-1000 сомду түзөт (Эркин-тоо, 4.08.2003, №49, 5-б.); Үй-бүлөлөрдү дарылоочу **дарыгер-лердин** топторун үчтөн он үчкө өстүрүп, ички эксперт, менеджер-лердин кызматтарын киргиздик («ZK», 7.04.2000);

Дарек (адрес). 1. Каттын, жөнө-түүнүн ж.б. турган жерин көрсөт-күч. 2. Адамдын же мекеменин турган жери, орду. 3. Бир нерсенин чындыгын далилдей турган жазуу жүзүндөгү далил.

М: Эгер конверттин сыртындагы мөөр менен **даректи** жазган колдун каттагы менен окшоштугу болбосо, жоокерге жазылган кат экенине ишенүү кыйын («ЖЖ», 1991. 21.02).

Бажы.

М: Өтө өкүнүп ичимде сизге маалымдагым келген нерсе-ушул жума ичинде тиги **бажы** суммасын тапшырышыбыз керек («Ысыккөл кабарлары», 29.04.2003, №30); **Бажылык** көзөмөл комитетинин WWW. customs kg web-сайтынан окугула («Кыргыз Туусу», 2005, №48); Товарлар чыгарылгандан кийин аларды пайдалануу жана тескөө белгилүү бир **бажы** режиминин шарттарына ылайык жүргүзүлөт («Эркинтоо», 3.08. 2004).

Бажыкана (таможня). Чекарадан өткөн, өтүүчү товарларды текше-рүүчү жана аларга салынган салыкты алуучу мекеме.

М: Менин оюмча, жүк **бажы-кананын** кээ бир кызматкерлеринин күнөөсү менен республиканын чегинен чыгып кеткен («КР», 1992.03.06); Кытай Эл Республи-касындагы «Интерсервис Ялян» фирмасы менен келишими түзүлүп,

Казакстандын коңшу өлкөгө Кыргызстандын **бажыкана** аймагы аркылуу транзиттик жүк ташууну уюштуруу милдетин алды («Ысыккөл кабарлары», 2004, №41, 4-б.).

Берене (статья). Мыйзамдардын же башка документтердин айрым-айрым берилген бөлүмдөрү, пара-графтары.

М: Натыйжада, конституциянын жалпы эле текстеринде, **берене-леринде** кездешүүчү сүйлөмдөрдө одоно каталарга жол берилип, бир кыйла мүчүлүштөр орун алгандыгын көрөбүз («КР», 17.02.1993; Арактын кылыгы наркозаттын таасиринен кем эмес. Эмне үчүн араккорлорду жазалабайбыз. Кылмыш кодексине **берене** киргизип, жоопко тартуу керек («ZK»); Кылмыш кодексинин 124-**беренеси** жашы жете электерге карата гана багытталган («Кут билим», 18.05.01).

Ишкер. 1. Бай ишканасы бар адам. 2. Иш билги адам, бизнесмен.

М: Анан люксембургдук бир **ишкер** биз менен кызматташууга жөнөп кеткенин айтты («КР», 1993.10.03); Азамат **ишкер** Түркияда бала-чака, жылуу жайын таштап, кыргыздарына боор тартып, улут үчүн, анын экономикасы үчүн колунан келгенин жасайын деп аттана берген («А», 1993.25.03); Англис **ишкери** болсо бул жолку түшкөн шары менен дүйнөлүк турга чыгып, ийгиликтерге жетүүнү максат кылган («ZK»).

Ишкерлик. Ишкерлердин киреше алууга, пайда келтирүүгө багыт-талган демилгелүү аракети.

М: Менчиктин формасына жараша ал мамлекеттик, коллек-тивдүү жана жекече **ишкердүүлүк** болуп бөлүнөт (А.Мүз.); **Ишкерлик** ишти илгерилетет («ZK»); Бизнес, коммерция, **ишкерлик** өңдүү жаңы түшүнүктөр, жаңы терминдер жай-нап чыга келди («КТ», 21.09.2004).

Мунапыс (амнистия).

М: Улуу жеңиштин 60 жылды-гына карата **мунапыс** берүү жөнүндө кабыл алынды («КТ», 1997, №86); Мындай жагдай тез-тез **мунапыс** чыгаруунун алгылыксыз тажрый-басын пайда кылууда («КТ», 8.07.2004); КРнын Президенти тарабынан жарыяланган **мунапыска** туш келип, кайрадан эле эркиндикке чыккан («Кылмыш жана жаза», №47, 2005); Соттолгондорго эле **мунапыс** берилбейт жана турган турпаты боюнча **мунапыс** күнөөлүү-лүгүнүн же күнөөлүү эместигинин далили болуп саналбайт («Эркин-тоо», 3.08.2002, №45); Израиль анын өлүмүнө байланыштуу палес-тиналыктарга **амнистия** жарыялады («ZK», 12.11.2004, №45).

Мыйзам (закон). Мамлекеттик бийликтин токтому, жобосу.

М: Ага мыкты **мыйзамдар,** аларды барынан ыйык тутуп, аткаруусу жеткирет («ZK», 1995, №45); Конституция, устав, **мыйзам-дардын** бары эле ошонун бир түрү («Эркинтоо», 6.01.1999, №1); Кыргыз Республикасынын **мыйзам-дарын** аткарбаган, орус тилиндеги сүйлөгөн жолдоштор кантип Кыргызстандын граждан**ы** боло алат («Кыргызстан маданияты», 24.10.
1991, 2-б.); Өкмөттүн негизде-месине караганда бул Республи-канын «1999-жылдын бюджети жө-нүндөгү» **мыйзамына** каршы келет («Кутбилим, 6.03.1999, 1-б.); Эл каттоо боюнча атайын **мыйзам** кабыл алынган **(КТ, 26.09.2005).**

МЭР.

М: Бишкек шаарынын **мэри** Ф.Кулов убада берди деди Дыйкан-баева кайрымдуулук акциясынын учурунда («Кутбилим», 14.01.1999, 3-б.); Губернатор бул ишти шаардын **мэри** Н.Алдаяровго дайындап, тезарада чечип берүүнү тапшырды («ZK», 30.09.2005).

Жаран (гражданин, атуул). 1. агаин, тууган жана ага кайрылуунун формасы. 2. Бир мамлекетке караштуу эл, адам, букара, гражданин.

М: ... Орусиянын ач тырмагынан кутулууну эңсеген, азаттыгын жарлаган ар бир **жаран** ошол ак падыша заманында «пантюркист» деп жарлык тагынып чыга келди («КМ», 1991.14.03); Айрым **жаран-дар** алган кредитти талап бүтүшсө да нотариустан каттоодон өтө элек болушу мүмкүн («Ысыккөл кабар-лары», 2003, №13); Москвада иштеген кыргыз **жараны** бычак-талды («ZK», 6.10.2006, №35); Ар бир **жарандын** кайсы киреше булагынан жашап жатканы да суралат («ZK», 2.02.1999); Бул Эл каттоодо башка өлкөлөрдө жашап, окуп жүргөн **атуулдар** да катталат. Ошону менен бирге биздин ошого сырттан келип жашап жаткан чет элдик **атуулдар** да каттоодон өтөт («ZK», 2.02.1999); Эч бир документи суралып катталган **атуулду** беймаза кылбайт («ZK», 2.02.1999).

Жарлык (указ). Жогорку бийлик органдары тарабынан кабыл алынган мыйзамдуу күчкө ээ болуучу токтом.

М: Расмий чечимдерди, **жарлык-тарды**, токтомдорду жарыялагандан башка мамлекеттин массалык маалымат каражаттары болбошу керек («Эркинтоо», 4.05.2005, №37); Эми бул айтылган ачуу сөздүн, өтө одоно **жарлыктын** канчалык деңгээлде пастыгы ошол кимдин оозунан чыккандыгы өзгөчөлөнүп турбайбы («Эркинтоо», 10.01.2003, №2); Ушул **жарлыктан** келип чыккан тийиштүү мыйзам долбоорун даярдасын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши-нин кароосуна киргизсин («Ысык-көл кабарлары», 2005, №58).

Жарнама (реклама). 1. Кардар-лардан, көрүүчүлөрдүн ж.б. көңү-лүн буруу максатында кабарлоонун ар түрдүү ыкмаларын пайдаланып, бир нерсе жөнүндө кеңири маалымат берүү. 2. Жарнаамалар жазылган жарыялар, плакаттар ж.б.

М: **Жарыя** жана **жарнама** («БШ», 1991.16.09); 30-январь. Көчөлөрдө **жарнамалар** желбирейт («ZK», 1994); Борборубуздагы кино **жарнамадагы** ... кокус кыргызча жазылган жазууга көзүбүз чагыла түшсө, дилибизди кубаныч оту кан-ча каарыбады («КМ», 1989.26.03); Улуу муундагы адамдарды тамекини таштатууга эми кеч болуп калды, бирок кийинки жаштары-быздыбул уулуу заттан сактап калууга кылган аракеттер тамекини мактаган **жарнамалардын** айынан текке кетип жатат («КТ», 2004, №1).

Сапар (визит). 1. Кызматтык тапшырма боюнча бир жактарга чыгуу. 2. Көбүнчө жетекчиликтеги адамдардын белгилүү жайда кыска мөөнөттө иш менен болуусу, кы-дыруусу.

М: **Сапардын** мөөнөтү жакынкы күндөрдө аныкталмакчы («КР», 1993.07.02); Сиз жакында эле Америкада **сапарда** жүрүп келдиңиз. Эми ошол **сапарыңыздын** акыбети кайттыбы, ушул жөнүндө кеп оролун жазсаңыз («КБ», 1993.
12.01); Жумушчу **визитинин** алка-гында Президент А.Акаев М.Ломо-носов атындагы Москва мамлекеттик университетинин 250 жылдыгына арналган илимий-практикалык кон-ференциянын ишине катышкан («КБ», 2001, №14); Кыргыз коомчулугу мамлекет башчысы
Курманбек Бакиевдин Өзбекстанга болгон **сапарынан пайдалуу жыйын-тык күтүүдө** («ZK», 6.10.2006, №35)